**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБУЛУСУ**
**ТОКТОГУЛ РАЙОНУ**

**БЕЛ-АЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
721603, Сары-Сөгөт айылы, Т.Жайылов көч. 25
тел: (3747) 6-01-43
E-mail: bel-aldy@bk.ru
э/э 440804100100192
ИНН 00411199610212

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ДЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОКТОГУЛЬСКОГО РАЙОНА**

**БЕЛ-АЛДЫНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕҢЕШ**
721603, с.Сары-Согот, ул. Т.Жайылова 25
тел: (3747) 6-01-43
E-mail: bel-aldy@bk.ru
э/э 440804100100192
ИНН 00411199610212

---

# ТОКТОМ № 1

## Бел-Алды айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги XXXIII сессиясы

**19-январь 2024-жыл** **Бел-Алды айылы**

**Бел-Алды айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2023-жылга аткарылышын, 2024-жылга бюджеттин түзүлүшүн болжолун кароо, бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик Кодексинин” талаптарына ылайык, Бел-Алды айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Багымбаевдин отчетун, Финансы бөлүмүнүн башчысы Ж.Сартованын жайыт комитети У.Маралбаевдин маалыматын, угуп жана талкуулап Бел- Алды айылдык кеңешинин “Экономика, бюджет, финансы каражаттары” боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде чыгып сүйлөгөн депутаттардын ой-пикирин эске алып, Бел-Алды айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги XXXIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Бел-Алды айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү жалпы 4657,0 (Жергиликтүү салык, салыктык эмес жыйымдар 4657,0 ) миң сомго аткарылгандыгы белгиленсин.

2. Чыгаша бөлүгү жалпы жергиликтүү бюджет 4549,0 миң сом өлчөмүндө аткарылгандыгы эске алынсын.

3. 2024-2026-жылдарга жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жактырылсын, 2024-жылга Бел-Алды айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолу жалпысынан 12138,7 миң сом өлчөмүндө бекитилсин; (Жергиликтүү салык, салыктык эмес жыйымдар 4928,8 мин сом)

анын ичинен**:** Жайыт акы 612,0миң сом; теңдөөчү гранд 7209,9 миң сом;

4. 2024-жылдын чыгаша бөлүгү ушул токтомдун 1- тиркемесине ылайык бекитилсин. 1-тиркеме 2 нускада 2 баракта.

5. Жогорудагы бекитилген акча каражаттарын чыгымдоо багыттары ушул токтомдун 1-тиркемесинде ачыкталып берилгендиги белгиленсин.

6. Бел-Айыл өкмөтүнүн 1% резервдик фондунун жалпы көлөмү 110,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

7. Жергиликтүү бюджеттин киреше булагынын түзүүчү салыктык жана салыктык эмес жыйымдардын топтолушун катуу көзөмөлгө алуу,бекитилген жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүнгөн багыттарга, максаттуу пайдалануу түздөн түз айыл өкмөт башчысы Б.Багымбаевтин жана ФЭБ башчысы Ж.Сартованын жоопкерчилигинде экендиги баса белгиленсин.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Бел-Алды айылдык кеңешинин экономика, бюджет, финансы каражаттары, чакан жана орто бизнес, менеджмент, маркетинг кызматы, кредит, инвестициялар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

9. Бул токтом Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык веб-сайтка жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

**Төрайым** **Ж.Шарипова**